
# Дүйнөлүк деңгээлдеги спортчулар даярдалууда



Кайсыл гана мамлекет болбосун өз жеринде дене тарбия – спорттук оюндардын түрлөрүн жайылтуу, өсүп келе жаткан муундарды сергек жашоого тарбиялоо боюнча болгон мүмкүнчүлүктөрүн көрүүгө дайыма аракет кылышат. Биздин өлкөдө да бул аракет тышта калган жок. Быйыл өлкөбүздө дене тарбия, спорт тармагын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” жөнүндөгү биринчи жарлыгы буга далил боло алат.

Анын ичинен Нарын облусундагы спорттогу жетишкендиктер тууралуу сөз кылгым келип турат. Бүгүнкү күндө облуста үч стадион, 56 спорттук зал жана 585 спорттук аянтчаларга беш миңден ашык спорт сүйүүчүлөр тартылышкан.

Учурда облусубуздун бардык райондорунда жана Нарын шаарында он өспүрүмдөр жана уландар спорт мектептери иштеп, аларда спорттун олимпиадалык-классикалык түрлөрү баскетбол, бокс, волейбол, футбол, шахмат, эркин, классикалык күрөш, дзюдо, оор атлетика, жеңил атлетика, таэквондо жана спорттун кышкы түрлөрү боюнча тоо лыжасы, хоккей, лыжалык жарыш ошондой эле спорттун улуттук түрлөрү болгон ордо, тогуз коргоол, кыргыз күрөшү, кулатуу боюнча секциялар иштеп жатат. Аларга 3600дөн ашык өспүрүм уланкыздарыбыз тартылып, өзүлөрүнүн спорттук чеберчиликтерин жогорулатууда. Булар менен 145 жогорку жана атайын орто билимдүү дене тарбия адис педагог машыктыруучулар иш алып барышууда. Алардын ичинде он КРнын Эмгек сиңирген машыктыруучулары, 35 КРнын Эл агартуусунун отличниктери бар.

Эгемендүүлүк алгандан бери тоолуу облусубузда жогорку квалификациялуу спортсмендерди даярдоо боюнча алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө. Республикабыздын курама командасынын курамында онго жакын спортсмендерибиз бар. Ал эми Бишкектеги олимпиадалык резервдеги окуу жайда 30 балабыз күрөш, футбол жана бокс боюнча окуп-машыгып, спорттук чеберчилигин жогорулатууда.

Токиодо өткөн олимпиада оюндарында Кыргызстандан жалпы 16 спортчу катышса, алардын курамында эки теңиртоолуктар: Айсулуу Тыныбекова менен Эрназар Акматалиев катышып, Айсулуу кызыбыз алтындан артык күмүш медаль жеңип алды. Эрназар эркин күрөш боюнча олимпиада оюндарында катышкан балбандарыбыздын эң жашы, анын биринчи олимпиадасы болду. Дүйнөлүк күрөш уюму келечекте Эрназар-

Мындан тышкары дагы эл аралык деңгээлдеги спортчуларыбыз өсүп чыкты. Алсак, Нарын шаарындагы С.Бекмамбетов атындагы олимпиадалык резервдеги эркин күрөш боюнча спорт мектептин тарбиялануучулары, эл аралык спорт чеберлери Аскаров Алмаз Сидней шаарында өткөн XXVII олимпиадада 8-орунду алса, Таабалды уулу Сүймөнкүл жаштар арасында Азия өлкөлөрүнүн чемпионатында эки жолку чемпион болду. Жолдошбеков Улукбек 2012-жылы Бишкек шаарында өткөн Азия чемпионатында алтын медаль тагынган. 2015-2018- жылдары Индияда, Бангкогдо, Алма-Атада өткөн эл аралык мелдештердин жеңүүчүсү боло алды. Булардан тышкары эл аралык деңгээлде ийгилик жаратып жатышкан эл аралык спорттун чеберлери: Шаршеев Тилек, Үмөталиев Адилет, Омонов Алибек, кыздарыбыз КРнын спорт чеберлери Ибраева Жылдыз, Исабекова Гүлнара, Кубатбек кызы Гүлнара жана башкалар бар.

Жогорудагы аталган спортсмендерибизди олимпиадалык, Азия оюндарына чейин тарбиялап таптап өстүрүшкөн көрүнүктүү машыктыруучуларыбыздын атын атап кетпесек болбойт. КРнын дене тарбиясына эмгек сиңирген ишмер-машыктыруучу Сүйүнбек Бекмамбетов, КРнын эмгек сиңирген машыктыруучулары Карыбек Бошубеков, Болот Ибраев, Акиев Мирбек, Канат Сыдыкбеков ошондой эле бокс боюнча КРнын дене тарбиясына эмгек сиңирген ишмер-машыктыруучу Махам Ахмедовдун иштери мактоого татыктуу.

Ошондой эле алыскы Ак-Талаа районунда дагы балдарды спортко тартуу, спортсмендердин чеберчилигин жогорулатуу боюнча кийинки жылдары көрүнүктүү иштер жасалууда. Айрыкча айыл жерлеринде волейбол, улуттук оюндар: көк бөрү, ордо, эр эңиш, кыргыз күрөшү жана ат оюндары боюнча мелдештер байма-бай орундарды жеңип келет.

“Тайлак” балдар-уландар спорт мектебинин тарбиялануучусу Билимбек кызы Калмира кыздар арасында эркин күрөш боюнча 2020-жылы Алма-Ата шаарында өткөн өспүрүмдөр арасында Азия чемпионатында 1-орунду ээлеп, алтын медаль тагынды. КРнын олимпиадалык курама командасына татыктуу мүчө болуу менен алдыңкы спортчулардын катарында турат. Ак-Талаанын айыл жеринен чыккан Калмира 15-19-августта Россиянын Башкортостан Республикасынын Уфа шаарында өткөн дүйнөлүк жаштар арасында чемпионатында финалдык беттешүүдө күмүш медалды жеңип алды. Калмираны чоң спортко тарбиялап, таптап жол салган атасы Капарбек уулу Билимбекке рахмат айтууга туура келет.

Ошондой эле облус аймагында хоккей, тоо лыжасы, футбол, ат оюндар спорту кеңири өнүгүп, бир катар спортчуларыбыз ийгилик жаратууда.

Жогоруда аталган жупуну ийгиликтерибиз менен алдыда дене тарбия, спортту калк арасына кеңири жайылтуу, сергек жашоону үндөө, ден соолукту чыңдоо, спорттук жайлардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча алдыда көптөгөн иш-чараларды уюштуруу боюнча мүмкүнчүлүккө жараша иштер жүрүүдө.

Улуу тоолорду мекендеген элден дайыма улуу адамдар чыгып келген. Андыктан тоолуу облусубуздан эл аралык ири мелдештерде мамлекетибиздин жана Теңир-Тоонун атын чыгарган спорт чеберлерибизден келерки Париж олимпиадасында, дүйнөлүк, азиялык оюндарда чемпиондор чыгат деген терең ишеничтер бар. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып тоолуу облусубуздун жашоочуларын эгемендүүлүктүн 30 жылдык майрамы менен куттуктап, ден соолук, узун өмүр жашоолорунда бакубаттуулук турмуш каалайм.

**Иманакун АСАНОВ,**